# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# ТОКТОМ

2015-жылдын 27-октябры № 753

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин "Салттуу билимдерди коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына шайкеш келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 24-декабрындагы № 862 "Өнөр жай менчигинин объектисине мажбурлоо лицензиясын берүүнүн жана аны пайдалануунун шарттары жана тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1) аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Өнөр жай менчик объектисине, салттуу билимдерге мажбурлоо лицензиясын берүүнүн жана аларды пайдалануунун шарттары жана тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу";

2) 1-пунктундагы "Өнөр жай менчигинин объектисине мажбурлоо лицензиясын берүүнүн жана аны пайдалануунун шарттары жана тартиби жөнүндө жобо" деген сөздөр "Өнөр жай менчик объектисине, салттуу билимдерге мажбурлоо лицензиясын берүүнүн жана аларды пайдалануунун шарттары жана тартиби жөнүндө жобо" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Өнөр жай менчигинин объектисине мажбурлоо лицензиясын берүүнүн жана аны пайдалануунун шарттары жана тартиби жөнүндө жободо:

- аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Өнөр жай менчик объектисине, салттуу билимдерге мажбурлоо лицензиясын берүүнүн жана аларды пайдалануунун шарттары жана тартиби жөнүндө жобо";

- 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамына, "Салттуу билимдерди коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана өнөр жай үлгүсүндөгү ойлоп табууну (мындан ары - өнөр жай менчик объектиси) жана салттуу билимди пайдаланууга мажбурлоо лицензиясын берүүнүн шарттарын жана тартибин аныктайт.";

- 2-пунктунда:

биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Алдын ала патент, патент (мындан ары - патент), күбөлүк менен корголуучу өнөр жай менчик объектисин, салттуу билимди патент ээсинин уруксатысыз, күбөлүк ээсинин уруксатысыз пайдаланууга төмөнкү шарттардын бири болгондо жол берилет:";

"а" пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"а) эгерде өнөр жай менчик объектиси, салттуу билим патент, күбөлүк берилген датадан тартып үч жылдын ичинде патент ээси, күбөлүк ээси же аларга карата укуктар өткөрүлүп берилген адамдар (мындан ары - укук ээси) тарабынан пайдаланылбаса же жетишсиз пайдаланылса, бул Кыргыз Республикасынын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунда тиешелүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жетишсиз сунуштоого алып келет;";

- 3-пункту "өнөр жай менчик объектисин" деген сөздөрдөн кийин "салттуу билимди" деген сөздөр менен толукталсын;

- 4-пункту "өнөр жай менчик объектисин" деген сөздөрдөн кийин ", салттуу билимди" деген сөздөр менен толукталсын;

- 5-пунктунун "а" пунктчасындагы "өнөр жай менчик объектисинин" деген сөздөрдөн кийин ", салттуу билимдин" деген сөздөр менен толукталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 9-июлундагы № 118 "Өнөр жайлык менчик объекттерин, селекциялык жетишкендиктерди коргоо документинен четтөө келишимин, аларды пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишимди, өнөр жайлык менчик объектисине өзгөчө укуктун күрөөсү жөнүндө келишимин жана технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө келишимди каттоонун эрежелерин бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышы жана 1-пункту "лицензиялык келишимди," деген сөздөрдөн кийин "салттуу билимдерди пайдаланууга келишимди," деген сөздөр менен толукталсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Өнөр жайлык менчик объекттерин, селекциялык жетишкендиктерди коргоо документинен четтөө келишимин, аларды пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишимди, өнөр жайлык менчик объектисине өзгөчө укуктун күрөөсү жөнүндө келишимин жана технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө келишимди каттоонун эрежелеринде:

а) аталышы "лицензиялык келишимди," деген сөздөрдөн кийин "салттуу билимдерди пайдаланууга келишимди," деген сөздөр менен толукталсын,";

б) 1-пунктунда:

- биринчи абзацы:

"лицензиялык келишимди," деген сөздөрдөн кийин "салттуу билимдерди пайдаланууга келишимди" деген сөздөр менен толукталсын;

"Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө" деген сөздөрдөн кийин ","Салттуу билимдерди коргоо жөнүндө" деген сөздөр менен толукталсын";

- экинчи абзацы:

"лицензиялык келишим" деген сөздөрдөн кийин "салттуу билимдерди пайдаланууга келишим" деген сөздөр менен толукталсын;

"Фирмалык аталыштардын мамлекеттик реестринде" деген сөздөрдөн кийин ", Салттуу билимдердин мамлекеттик реестринде" деген сөздөр менен толукталсын;

в) 2-пунктунда:

- тогузунчу абзацы "аларды пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишим," деген сөздөрдөн кийин "салттуу билимдерди пайдаланууга келишим," деген сөздөр менен толукталсын;

- он биринчи абзацы "селекциялык жетишкендиктерди" деген сөздөрдөн кийин "селекциялык жетишкендикти, салттуу билимди" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- он экинчи - он төртүнчү абзацтарында:

мамлекеттик тилдеги текстиндеги "селекциялык жетишкендикке", "селекциялык жетишкендикти" жана "селекциялык жетишкендикке," деген сөздөрдөн кийин тиешелүү түрдө ", салттуу билимге", ", салттуу билимди," жана "салттуу билимге," деген сөздөр менен толукталсын;

расмий тилдеги текстиндеги "селекционное достижение," деген сөздөрдөн кийин "традиционное знание," деген сөздөр менен толукталсын;

- он бешинчи абзацы "аларды пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишимди," деген сөздөрдөн кийин "салттуу билимдерди пайдаланууга келишимди," деген сөздөр менен толукталсын;

г) 4-пунктунда:

- 1-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы онунчу абзац менен толукталсын:

"Салттуу билимдерди пайдаланууга келишим милдеттүү түрдө салттуу билимдерди пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдү Жергиликтүү коомдоштукту өнүктүрүү фондусуна же Салттуу билимдерди пайдалануу системасын өнүктүрүү мамлекеттик фондусуна чегерүү жөнүндө жобону караштырууга тийиш.";

- 2-пунктчанын үчүнчү абзацындагы "эл аралык товардык белгиге" деген сөздөр "эл аралык каттоо боюнча товардык белгиге" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы № 154 "Салттуу билимдерди каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө жана катталган салттуу билимдерди пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелерин, Кыргыз Республикасынын Салттуу билимдеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) расмий тилдеги текстинин аталышындагы жана 1-пунктунун экинчи абзацындагы "пользование" деген сөз "использование" деген сөз менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Салттуу билимдерди каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө жана катталган салттуу билимдерди

пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелеринде:

- Эрежелердин жана тиркемелердин расмий тилдеги текстинин аталышындагы жана бүткүл текст боюнча "пользования" деген сөз "использования" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 32-пунктундагы "Интеллектуалдык менчик" расмий бюллетенинде" деген сөздөр "алар Реестрге киргизилген датадан тартып үч айдын ичинде "Интеллектуалдык менчик" расмий бюллетенинде" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Салттуу билимдеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартибинде:

а) 3-пунктунда:

- 1-пунктчасында:

бешинчи, алтынчы жана тогузунчу абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

он сегизинчи абзацындагы "күбөлүктүн түпнускасын жана" деген сөздөр алып салынсын;

- 3-пунктчасында:

алтынчы жана он биринчи абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

он тогузунчу абзацтагы "күбөлүктүн түпнускасын жана" деген сөздөр алып салынсын;

- 4-пунктчасында:

үчүнчү абзацындагы "жана күбөлүктүн түп нускасы болсо" деген сөздөр алып салынсын;

бешинчи абзацындагы "күбөлүктү жана" деген сөздөр алып салынсын;

- 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) Талашсыз жана техникалык каталарга оңдоолорду киргизүү.

Талашсыз жана техникалык каталарды оңдоо Кыргызпатент тарабынан Мамреестрге киргизилет. Талашсыз жана техникалык каталарды оңдоолор жөнүндө маалымат жарыялоого жөнөтүлөт.";

б) Тартиптин тиркемесиндеги "Күбөлүктүн түп нускасы" деген сөздөр алып салынсын.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

"Эркин Тоо" газетасынын 2015-жылдын 6-ноябрында № 109 жарыяланды

**Премьер-министри** **Т.Сариев**